УДК: 37.012:811.512.154
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.50

Мамадиева Г., Абдурасулова Р.
ОшМПУ

# ОКУУЧУЛАРДЫН СҮЙЛӨӨ КЕБИНЕТААСИР ЭТҮҮЧҮ ФАКТОРЛОР ЖАНА ООЗЕКИ КЕПТИ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН АЙРЫМ ЖОЛДОРУ

**Кыскача мазмуну**

Макалада баланын (окуучунун) оозеки кебинин өнүгүшүнө, башкача айтканда, сүйлөө ишмердүүлүгүнө, психологиясына (сүйлөө кебинин жарды, супсак же бай болушуна, сүйлөө сабаттуулугуна) таасир этүүчү факторлор (технологиянын тынымсыз өсүүсү, ата-эне, үй-бүлө, коом, чөйрө, мамиле, уюлдук телефон, социалдык тармактар ж.б.)иликтенип, учурдагы актуалдуулугу каралды.Окуучунун оозеки кебинин жарды болуусунда пайда болгон тоскоолдуктар, аныөстүрүүдөгү, өнүктүрүүдөгү мугалимдин ролу жана оозеки кепти жакшыртуу, алдыга жылдыруу, өнүктүрүү боюнча окумуштуулардын пикирлери, ага байланыштуу айрым маселелер каралып, мугалимдин жеке тажрыйбасынан алынган, сабакта колдонулуп жүргөн,жакшы сүйлөөгө багыт берүүчү, оозеки кепти өстүрүүчү айрым ыкмалар сунушталды. Андан сырткары мугалимдин колдоосу, мыкты тарбиясы, жеке мамилеси баланын оозеки кебинин өнүгүшүнүн эң негизги каражаты экендиги айтылып, автордун жеке пикири менен жыйынтыкталды.

**Түйүндүү сөздөр:** оозеки кеп, сүйлөө ишмердүүлүгү, билим берүү, мугалим, чөйрө, кыргыз тили, кептик конструкция, мактоо, кубаттоо, икая.

Мамадиева Г., Абдурасулова Р.
ОшГПУ

# ФАКТОРЫ, ВЛИЯЮЩИЕ НА РЕЧЬ УЧАЩИХСЯ, И НЕКОТОРЫЕ СПОСОБЫ РАЗВИТИЯ УСТНОЙ РЕЧИ

**Аннотация**

В статье рассмотрены факторы (постоянный рост техники, родители, семья, общество, среда, отношения, мобильный телефон, социальные сети и др.), влияющие на развитие устной речи ребенка (учащегося), то есть на его речевую деятельность, психологию (поверхностность и бедность или богатство речи, речевая грамотность) и их актуальность. Рассмотрены мнения ученых по совершенствованию, развитию устной речи, а также некоторые связанные с ней вопросы о препятствиях, возникающих в развитии устной речи учащегося, роль учителя в ее развитии, предложены некоторые приемы и методы из личного опыта учителя, применяемые на занятиях, позволяющие лучше говорить и развивать устную речь. Кроме того, на заключительном этапе исследования было отмечено автором, что поддержка, лучшее воспитание и личное отношение учителя являются важнейшими средствами для развития устной речи ребенка (учащегося).

**Ключевые слова:** устная речь, речевая деятельность, образование, учитель, среда, кыргызский язык, речевая конструкция, похвала, поощрение, икая.

Mamadieva G., Abdurasulova R.
OshGPU

# FACTORS AFFECTING THE SPEECH OF PUPILS AND SOME WAYS OF DEVELOPING ORAL SPEECH

**Abstract**

The article considers the factors (constant growth of technology, parents, family, society, environment, relationships, mobile phone, social networks, etc.) that affect the development of oral speech of a child (student), that is, his speech activity, psychology (superficiality and poverty or richness of speech, speech literacy) and their relevance.The opinions of scientists on the improvement and development of oral speech, as well as some related questions about the obstacles that arise in the development of the student's oral speech, the role of the teacher in its development are considered, some techniques and methods from the personal experience of the teacher used in the classroom are proposed, allowing better speaking and developing oral speech. In addition, at the final stage of the study, the author noted that support, better education and personal attitude of the teacher are the most important means for the development of oral speech of the child (student).

**Keywords**: oral speech, speech activity, education, teacher, environment, kyrgyz language, construction of speech, praise, encouragement, ikaya.

Технологиянын тынымсыз өсүп-өнүгүүсү, жаңылануусу, тездик менен алмашуусу адамзаттын жашоосуна ар тараптуутаасир этүүдө. Айрыкча технология өнүгүүнүн туу чокусуна жетип турган мезгилде жашоону планшет, компьютер, уюлдук телефонсуз элестетүүгө мүмкүн болбой калды. Алар окуучулардын, студенттердин убактысын уурдап, акыл көрөңгөсүн керектүү да керексиз да маалыматтар менен толтуруп жаткандыгы, виртуалдык же аралыктан маектешүүнүн көптүгүнөн улам, оозеки пикир алышуунун сейректеп баратканы кеп ишмердүүлүгүнө, анын ичинен сүйлөө ишмердүүлүгүнөтерс таасирин тийгизип, окуучунун кебинин жарды болушуна алып келүүдө.

Окумуштуулардын изилдөөсү боюнча уюлдук телефондор баланын көрүүсүнө гана зыянын тийгизбестен, ой жүгүртүүсүнө да таасир этип, кебинин жакшы өнүкпөй калуусуна да себеп болот. Ал эми, "Кеп, – бул интеллектти өнүктүрүүнүн каналы..." [2. 6-б.] дейт орус лингвисти Н.И. Жинкин.

Биздин балдар коомдо болуп жаткан бардык процесстердин индикатору катары, биринчи кезекте, маалыматтын көптүгүнөн (жаңылыктардын сюжетинен алынган кыска фразадан, жарнамалык роликтерден, теледен, атайын видеоматериалдардан алынган кыскача кесиндилер, үзүндүлөр ж.б.) жабыркап жатышат.Түшкөн маалыматтардын белгисиздигинен, бүдөмүктүгүнөн баланын мээси факты менен жасалмалуулуктун айырмасын ажыратып биле жана түшүнө албай калып жатат. Бул объективдүү процесстердин натыйжасында өсүп жаткан бала айлана-чөйрөнү кыска, кесилген, эч кандай логикасы жок образдар аркылуу кабыл ала баштайт. Мунун баары азыркы учурдагы окуучулардын кептик ишмердүүлүгүнө, интеллектинин өсүүсүнө терс таасирин тийгизет.

Баланын сүйлөө кебинин жарды болушунабир гана уюлдук телефон, смартфон, компьютер, андагы маалыматтаргана эмес, башка себептер, башкача айтканда, чөйрө датаасир этүүсү мүмкүн. Алсак:

- үй-бүлөдөгү пикир алышуунун сейректиги;

- үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы келишпестик;
- ата-эне менен баланын мамилесинин муздактыгы;
- мугалим менен тил табыша албагандык;
- жаңы чөйрөгө аралашып жаткандыгы;
- тартынчаактык, уялчаактык;
- психологиялык кысым;
- өзүн-өзү баалоосунун төмөндүгү;
- публиканын сынынан коркуусу;
- ойдун бир жерде эместиги;
- маалыматтын (сабактын) кызыксыздыгы;
- мугалимдин көңүл бөлбөөсү ж.б.

Сүйлөө кебинин жардылыгы – адамдар менен эркин сүйлөшүүгө, оюн жеткиликтүү айта алууга, мектептеги ар кандай предметтерди өздөштүрүүгө тоскоол болот. Баланын кеби канчалык бай жана сабаттуу болсо, өзүнүн оюн түшүндүрө, жеткире алуусу ошончолук жеңил, дүйнө таанымы кенен, өзү теңдүү жана улуулар менен мамиле түзүүсү толук кандуу жана мазмундуу, ошондой эле психикалык жактан өнүгүүсү активдүү болот. Ар бир окуучу үчүн жакшы өнүккөн сүйлөө кеби – коммуникациянын, таанып билүүнүн, өнүгүүнүн, өзүн-өзү тарбиялоонун эң маанилүү каражаты.

Кыргыз тили жана адабияты предметинен сабак берген көпчүлүк мугалимдердин айтуусуна таянсак, башта окуучулар үчүн дил баян жазуу, башкача айтканда, өзүнүн оюн жеткиликтүү деңгээлдежаза алуу, өзүнүн текстин түзө алуу кыйынчылыкка турса, азыркы учурда бирөөнүн текстин айтып берүү, же окуганы, укканы боюнча сүйлөп берүү кыйын болуп баратат. Мунун дагы бир себебин, балдардын азыраак окуп, көбүрөөк сүрөттөргө, коммикс, коллаждарга, үн-сөзү жок видеолорго көңүл бөлүп жатышкандыгы менен байланыштырышат.

Ал эми, жакшы, сабаттуу сүйлөө үчүн кептин байланыштуулугу, сүйлөмдүн туура түзүлүшү, уланмалуулугу, сөздүк кордун байлыгы, ойду так билдирүү, айтымдардын бүтүндүгү, туура суроо бере билүү, вербалдык эмес каражаттар - мимика, жесттерди туура, учуруна жараша пайдалана билүү мааниге ээ.

Окуучунун сүйлөө кебин өнүктүрүү –мектептеги маанилүү маселелердин бири болуп эсептелет. Баланы сүйлөгөнгө үйрөтүү – демек, аны ойлонууга үйрөтүү, анын сүйлөгөн

сөздөрүнүн мааниси менен тынымсыз иштешүү, сүйлөм курууга, керектүү сөздү тандап алууга, оюн сабаттуу калыптандырууга жетиштирүү. **Баланын оозеки кебинин өнүгүүсү – анын өзүн-өзү өстүрүүсүнүн көрсөткүчтөрүнүн бири болуп эсептелет.**Окуучулардын кептик жөндөмдөрүн жана көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн чоң эмгек талап кылынат. Ал эми “кыргыз тили сабактарында окуучулардын оозеки кебин өстүрүү жана аларды адабий тилдин негизинде калыптандыруу иш-аракеттери мугалимдин жоопкерчиликтүү милдеттеринен болуп саналат” [3:69].

“Сүйлөө ишмердүүлүгүн окуучуга үйрөтүү бул чыгармачыл ой жүгүртүүнү, эстетикалык таасирди жана логикалык, психологиялык тажрыйбаны, адамгерчиликти, улуттук нарк-насилди, сүйлөө адебин үйрөтүү дегендик” [3:71] Бирок окуучунун оозеки кебин өстүрүүдө жалгыз мугалим гана эмгектенбестен, окуучу да аракеттенсе, башкача айтканда, эки жактуу аракет болсо гана жакшы жыйынтык берет.

Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары

Окуучунун сүйлөө реакциясын пайда кылуу, шарттуу кырдаалды жаратуу үчүн биринчи кезекте мугалим мыкты даярдыкта болуусу талап кылынат. Ал даярдык сүйлөөгө багыт бериши керек. Ал эми,“... кеп кырдаалын жаратуу үчүн сунуш кылынган дидактикалык каражаттар так жана түшүнүктүү болуп, анын сүйлөө кебиндеги эмоционалдуулукту жана экспрессивдүүлүктү жаратуу шарттары мугалимдин чеберчилиги менен окуучунун ой толгоосуна түрткү берип, кептик акты түзүшү керек” [3.73-б.].

Сүйлөөгө багыт берүүчү, оозеки кепти өстүрүүчү кээ бир мисалдарга токтолуп көрөлү.

Сабакты баштоо алдында мугалим классты жандандырып алуу, көңүлүн буруу, кызыктыруу максатында ар кандай иш-аракеттерди жасайт. Ошондой иш-аракеттердин биринде алгач, мугалим ак кагазды алып, анын так ортосуна чекит коюп, окуучулардан “Силер бул кагаздан эмнени көрүп жатасыңар?”- деп сурайт. Албетте, окуучулардын кандай жооп берери белгилүү. Баары бир ооздон: “Чекит көрүп жатабыз”, “Кара чекит көрүп жатабыз” деп айтары талашсыз. Мугалим анда окуучуларга төмөндөгү текстти (икаяны) угууга чакырат.

“Акылман адам бир күнү шакирттерин сынамакчы болот. Бир ак кагаздын ортосуна кичинекей кара чекит тартат да, шакирттерин чакырып алып: “Бул жерден эмнени көрүп турасыңар?” деп сурайт. Алардын бири: “Кагазда чекит тартылган” дейт. Экинчиси жакшылап карап туруп: Ал чекит кара чекит экенин айтат. Үчүнчүсү көпкө карап туруп, ал чекит күчтүү боёлгон кара чекит экенин тастыктайт. Ошондо акылман адам алардын жообуна ыраазы болбой, көзүнө жаш алып, ары карап кетет. Анын бул кылыгына таң калган шакирттери “башка дагы бир нерсе барбы?” – дегендей ак кагазды көпкө карап турушат да, устатынан эмнени туура эмес айтышканын сурашат. Ошондо устаты аларга карап:

- Силер баарыңар бул жерден кичинекей кара чекитти көрдүңөр, бирок, бирөөңөр да чоң ак кагазды көрбөдүңөр. Тилекке каршы, канча окусаңар деле силер башкалардан эч кандай айырмалана албаптырсыңар. Себеби, жашоодо дагы адамдар бири-бириндеги жакшы

сапаттарды көргүсү келбейт да, кичинекей жаман сапатын көрсө, ошону чоң кылып айтып чыгышат, - дейт [5. 28-б.].

Бул икаяны уккан окуучуларда башкача көз караш пайда болот да, ойлонушат. Мугалим муну менен алардын оюна жаңылык киргизет. Кайрадан окуучулардан "Силер эмне үчүн жогоруда уккан окуядагыдай биринчи ак кагаздагы кара чекитти байкадыңар?", "Икаяда айтылгандай, чын эле эмне үчүн биз жаман нерсеге биринчи назарыбыз бурулат?" ж.б.у.с. суроолор менен кайрылып, аларды жакшы нерселерди байкоого, адамдардан бир гана жамандыкты издебей, алгач жакшы нерсени көрүүгө үйрөтөт. Ошону менен бирге эң негизгиси, сүйлөөгө, өз оюн, көз карашын айта алууга багыт берет. Турмуштун, жашоонун баары эле жамандыкты көрүү эмес, жакшылыкта жатарын, дүйнө жакшы адамдарга, жакшы нерселерге бай экендигине ынандырат.

Текст тууралуу оюн айтып жаткан учурда мугалим кээ бир (аз сүйлөгөн, тартынчаак ж.б.) окуучулар үчүн атайын даярдалган кептик конструкцияларды пайдаланып, боштуктарды толтуруп окуу тапшырмасын берсе да болот. Мисалы,

- Биринчи устаты шакирттерине ... көрсөтүп, ... сурады;
- Кагазды көргөн... деп жооп беришти;
- Устат шакирттеринин ... канааттанбады;
- Шакирттеринин жообун уккан ... ;
- Устат шакирттерине ... айткысы келген;
- Икаяны уккан... болду;
- Бул икаяда автор ... тууралуу айткысы келген ж.б.у.с.

Асыл: Биринчи устаты шакирттерине кара чекит коюлган ак баракты көрсөтүп, ал барактан эмнени көрүп турушканын сурады.
Назбийке: Кагазды көргөн шакирттери: "ак кагазда коюу боёлгон, кара чекит турат", - деп жооп беришти.
Аяна: Устат шакирттеринин берген ар кандай жоопторуна канааттанбады.
Нураман: Шакирттеринин жообун уккан устаты капа болуп, көзү жашылданып, ары карай басты.
Жоогазын: Икаяны уккан балдарда башкача көз караштар пайда болду.

Бул кептик конструкциялар, сөз таап сүйлөй албай же оюн айтуудан тартынып, же оюн жеткиликтүү айта албай жаткан баланы сүйлөтүүгө жардам, сүйлөп кетүүсүнө багыт берет жана бара-бара баланын кебинин өнүгүшүнө салым кошот.

Оозеки кебин өстүрүүчү, сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүүчү дагы бир ыкманы алып көрөлү.

Мугалим сабакты баштаардан мурун окуучуларга кайрылат: Балдар, бүгүн биз

маанайыбызды көтөрүү максатында бири-барибиздин жакшы сапаттарыбызды айтабыз. Ал үчүн биз даяр материалдарды пайдаланабыз.

Мугалим даярдап келген материалдарды доскага илет. Анда оң сапаттагы төмөндөгүдөй мисалдар берилет: татынакай, сулуу, жарашыктуу, жагымдуу, шамдагай, акылдуу, берешен, таза, сылык, маданияттуу, жардамын аябаган, мүнөзү жакшы, жакшы окуган, жөнөкөй, бой көтөрбөгөн, жароокер, боорукер, кийингени, сүйлөгөнү, ырдаганы, бийлегени, жооп бергени, караганы, аткарганы, жазганы, билгени, сапаты, мүнөзү, үнү, билими, жакшылык, ийгилик, ден соолук, бакыт ж.б.

Кептик конструкция: (аты) ... бала\\кыз. Мага анын ... жагат.Анын//ага ... каалайм!

Мугалим: Балдар, жогоруда илинген сөздөрдү жана кептик конструкцияларды пайдаланып,бири-бирибизге жагымдуу маанай тартуулайбыз.

Айжан: Асыл акылдуу бала. Мага анын жарашыктуу кийингени жагат. Анын окууларына ийгиликтерди каалайм!

Мээрим: Даткайым сулуу кыз. Мага анын ырдаганы жагат. Ага бакыт каалайм!

Жыйынтыктар жана талкуулар

Окуучулардын сүйлөөсү ушул сыяктуу уланат. Мугалим окуучулардын оозеки кебине, кабыл алуусуна, жакшы-начар сүйлөөсүнө карап, тапшырманын мазмунун өзгөртсө, ошондой эле, окуучулар менен жагымдуу маанайда баарлашууга да жол берсе болот.

Мындан тышкары окуучулар сүйлөгөндөн кийин мугалим баланын оозеки кебинин өнүгүүсү үчүн сабакта “жакшы сүйлөбөдүң”, “ушуну да айта албайсың” – деген сыяктуу сөздөр менен урушуп гана тарбиялабастан, мактап, кубаттап айткан сөздөрү да баланын сүйлөө кебинин өнүгүүсүнө жардам берет. Мисалы: “азамат”, “сен мыктысың”, “эң жакшы”, “сен жакшы сүйлөдүң”, “таасирдүү сүйлөдүң”, “абдан сонун түшүндүрдүң”, “сенин үнүң, дикцияң жакшы чыгып жатат”, “сенден мыкты адам чыгат”, “туура жолдо бара жатасың”, “сенин ийгилигиңе кубанып жатам”, “аракетиң эң жакшы”, “сүйлөй албайм дедиң эле, жакшы сүйлөйт турбайсыңбы” – деген сыяктуу кубаттоолор да баланын сүйлөө кебинин өнүгүүсүнө жардам берет.Мындаокуучунун жеке өзүн эмес, иш-аракетин кубаттоокерек.

Мугалимдин окуучунун сабак учурундагы иш-аракетин мактап, кубаттоосу, темага байланыштуу кызыктыруучу суроолорду бере алуусу, оозеки кебин өстүрүүчү ар кандай ыкмаларды колдонуусу, жакындан баарлашып, пикир алышуусу студенттин сүйлөө ишмердүүлүгүнүн өнүгүшүнө оң таасирин тийгизерине шегибиз жок. Буга байланыштуу окумуштуу З.Тагаева: “Баарлашуу, жагымдуу маанайдагы мамиле баланын психикалык гана эмес, акыл-эсинин жетилүүсүнө да зор таасирин тийгизет” [3. 71-б.]деген көз карашын билдирет.

Корутундулап айтканда, **б**аланын оозеки кебин калыптандыруу– мугалимдин, айрыкча, кыргыз тили предметинен сабак берген мугалимдердин милдеттеринин бири. Окуучулардын сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү, башкача айтканда, баланы сүйлөгөнгө

үйрөтүү – аны ойлонууга, ой жүгүртүүгө, өз оюн, көз карашын, пикирин айта алууга үйрөтүү. Ал эми учурга, заманга, жаштардын табитине жараша ыктуу, таасирдүү ыкмаларды колдонуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүүчүрдун талабы.

Мыкты сүйлөй алган окуучу мыкты ойлоно алат, ал эми, мыкты ойлоно алган окуучунун интеллектинин жогору болорунда шек жок.

**Адабияттар**

1. Аторина О.А. Говорение как вид речевой деятельности/ О.А.Аторина – молодой ученый. – 2022. №3 (398) С.67-69. URL:https://moluch.ru/archive/398/88045
2. Речь в общении: норма, отклонения, коррекция. Памяти Н.И. Жинкина и Ю.Б. Некрасовой: Материалы Круглого стола ПИ РАО 7 ноября 2014 г. / Ред. Н.Л. Карпова, А.А. Голзицкая, копм. ред. Е.С. Семенюкова. – М.: ПИ РАО, 2014. – 148
3. Тагаева З. Кыргыз тил сабактарында байланыштуу кепти окутуу методикасы (Кыргыз тил, адабият мугалимдерине жана ЖОЖдун студенттерине арналат). –Ош, 2006
4. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. –Б., 2009.–488 б.
5. «Шоокум» журналы. №5 (93), май, 2014.
6. Ибраева М.Э. Кыргыз тилин башка улуттарга окутууда оозеки кепти өстүрүүдөгү усул-ыкмалар. БМУ Жарчысы, №2. – Б., 2015, 215-б.